УДК:371.3(82)

*Имаралиева Жамила Рахманалиевна, аспирант*
*imaralievaj283@gmail.com*
*Ош мамлекеттик университети*

# «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА ИЛИМ МАСЕЛЕСИ

# ЭПОС «МАНАС» И ПРОБЛЕМА НАУКИ

# EPOS «MANAS» AND THE PROBLEM OF SCIENCE

***Аннотация:*** *Берилген макалада манас таануу илиминин негизги изилдөө объектиси болгон "Манас" эпосуна карата илимий көз караштар, анын илим катары жаралуусундагы окумуштуулардын салымы жана анын тегерегиндеги илимий пикирлер тууралуу сөз болду. Макаланын максаты "Манас" эпосун эпос катары таануу жана бүгүнкү күндө изилдөө, иликтөө, жарыялоо жана эпоско карата болгон жаңы илимий көз караштарды ачып берүү болуп саналат. Милдети манас таануу илиминдеги изилденип жаткан изилдөөлөрдүн өзгөчөлүгү эмнеде экендигин аныктоо болуп эсептелинет.*

***Түйүндүү сөздөр****: "Манас" эпосу, илим, манас таануу илими, калыптануу өзгөчөлүктөрү, иликтениш тарыхы, окумуштуулардын тыянактары, көз караштар системасы, дүйнө тааным, коом, кабыл алуу.*

***Аннотация****: В данной статье рассматриваются научные взгляды на эпос Манас, вклад ученых в возникновение науки манасоведение и научные взглядал на эпос. Целью данной статьи является признание эпоса "Манас" эпическим, изучение, публикация и раскрытые новых научных взглядов на эпос Манас. Задача статьи – выявление особенностей исследований в настоящее время.*

***Ключевые слова:*** *эпос "Манас", наука, манасоведение, история изучения, современная наука, особенности развития, вывода ученых, система взглядов, мировоззрение, общество, восприятие.*

***Abstract:*** *The article researches scientific viewpoints of concerning the main objects in the "Manas studies" –the epic "Manas" and the contribution of scientists in establishing it as a science, also other scientific opinions concerning it. The aim of this article is researching, publishing and finding out new scientific viewpoints from the epic. The task of the article is to define peculiarities of research being conducted in Manas studies.*

***Key words:*** *epic of Manas, Manas Studies, research background, current development of humanities, peculiarities of development, scholarly views, system of approaches, world outlook, society, perception.*

"Манас" эпосу дегенде, эң алгач кыргыз улутунун бүтүндөй ички руханий баалуулугун ичине батырып, укумдан-тукумга улуттун улут экендигин сактоого өз салымын кошуп, улуттук идеологиянын өзөгүн түзүп турган, улуу эпос көз алдыбызга элестейт. Ал эми эпосту эпос катары таануу, аны жазып алуу, басмадан чыгаруу, ага карата илимий бааларды берүү аркылуу манас таануу илими пайда болуп, XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, чет элдик окумуштуулардын изилдөөсүнө жана элдик түшүнүктүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өз баасын алып келе жатат. Манас таануу илиминин илим катары калыптанышына эпоско карата айтылган пикирлер - эпосту эпос катары тааныткан алгачкы ойлор, тактап айтканда, орто кылымдардагы, XIX кылымдын экинчи жарымында башталган изилдөөлөр, ошол мезгилден бүгүнкү мезгилге чейинки убакытты камтып турган иликтөөлөр, аны илим катары калыптандырып, андан ары өнүгүүсүнө чыйыр салууда. "Манас" эпосуна тикеден-тике байланышы бар бул илимдин өнүгүшү, албетте, биринчиден, элдин, коомдук аң-сезимдин мүмкүнчүлүктөрүнө, алардын кабыл алышына байланыштуу.
[ 2.К.Жузупекова "Манас" эпосу жана бүгүнкү илим Ала-Тоо академиялык изилдөөлөр 61-б]

Манас таануу кыргыз фольклористикасынын «Манас» үчилтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек») илимий негизде изилдөөчү бөлүмү болуп саналат. «Манас» эпосун илимий аңдап-билүү 19-кылымдын экинчи жарымында Ч. Валиханов (1856) менен академик

В. В. Радлов тарабынан башталгандыгы манас таануу илиминин тарыхынан белгилүү. Бирок эпосту илимий жагдайда таануу советтик доордо гана жакшы өөрчүдү. Башкача айтканда, кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын көбүн («Манас» үчилтигин көп варианттары менен кошо) жыйноонун негизинде кыргыз фольклористикасы пайда болуп, андан соң калыптанып, өөрчүй баштады. [4.Манас энциклопедиясы 1-т 440-б]

Тактап айтканда, 30-жылдарда М. Ауэзовдун кеңири илимий талдоо жүргүзгөн изилдөө иши жазылып, «Кыргыздын элдик баатырдык эпосу “Манас” деген фундаменталдуу эмгегинде чагылдырылган. Аталган изилдөөдө эпостун ички мазмунуна талдоо жүргүзүлүп, айтуучулар (манасчылар), эпостун жаралуу тарыхы, эпостогу образдар системасы жана анын поэтикалык каражаттары, чыгыш элдеринин эпикалык мурастары менен байланышы жөнүндө орчундуу ой-пикирлер айтылган.

40-жылдарда «Манас» эпосун изилдөө сферасы бир кыйла кеңейгендиктен, бул мезгилдеги актуалдуу изилдөөлөрдүн катарына К. Рахматуллиндин «Манасчылар» (Биобиблиография, 1942), А. Н. Бернштамдын «Кыргыздын улуу баатырдык эпосу Манастын чыгыш доору» (1946), С. М. Абрамзондун «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттер» (1947), В. М. Жирмунскийдин “Манасты” изилдөөгө киришүү» (1948) жана М. И. Богданова, Ө. Жакишев, Ы. Абдрахманов ж. б. илимий мазмундагы макалаларын көрсөтүүгө болот.

50-жылдарда айрыкча «Манас» эпосунун элдүүлүгүн таанууга арналган илимий конференциядан (1952, 6–10-июнь) кийин, эпосту изилдөө боюнча маанилүү иштер аткарыла башталгандыгы бизге маалым. Конференцияда «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасы жөнүндөгү маселе талкууланып, көптөгөн кызуу талкуулардан соң, эпос «элдик чыгарма» деп таанылган.

1957-жылдан Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда «Манас» сектору уюшулуп, эпос боюнча топтолгон материалдарды системага салуу, басмага даярдоо жана илимий изилдөө багытындагы иштер башталып, андан ары улантылган. Натыйжада «Манас» үчилтигинин кыскартылып бириктирилген вариантынын төрт китеби жарыкка чыккан (кириш сөздөрүн жазгандар: Б. Юнусалиев – 1-китеп; Б. Керимжанова – 3-китеп; К. Асаналиев – 4-китеп) [3.Кыргызстан улуттук энциклопедиясы 5-том 2014-ж].

«Манас» эпосун таанууда жана изилдөөдө «Маджму ат-таварих» аттуу тажикче кол жазманын табылышы да эпостун тарыхын изилдөөдө табылгыс баалуу материал болуп берди. Анткени ал китептин баш сөзүндө «Манас» эпосунун жаралыш тарыхы иликтенүү менен Манасты тарыхый адам катары таанытуучу материалдардын алгачкылардан болуп берилиши тарыхый баалуу эмгек катары бул эмгектин эпосту изилдөөдө ат көтөрө алгыс орду бар экендигин белгилесек болот. [5. Үкүева Б.К. Манас таануу 43-б]

1961-жылы М. Ауэзовдун, В. М. Жирмунскийдин, М. Богданованын, П. Н. Берковдун, А. Токомбаевдин, Т. Сыдыкбековдун, Б. Юнусалиевдин эпос тууралуу жазган макалаларынан куралган орус тилинде «Кыргыздын баатырдык эпосу “Манас” деген жыйнак жарыкка чыгып, анда «Манас» эпосу жөнүндөгү ой-пикирлер тайтылып, ошону менен бирге 1960-жылга чейин эпос жөнүндө жарык көргөн адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү да камтылгандыгы. Б. Керимжанованын “Семетей” жана “Сейтек” (1961), М. Мамыровдун “Семетей” эпосу – “Манас” үчилтигинин экинчи бөлүгү» (1963), З. Мамытбеков менен Э. Абдылдаевдин “Манас” эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» (1966), Р. З. Кыдырбаеванын “Манас” эпосундагы традициялуулук жана индивидуалдуулук проблемасына карата» (1967), С. Бегалиевдин “Манас” эпосунун поэтикасы жөнүндө» (1968), А. Маргуландын «Чокон жана “Манас” (1971), Р. Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (1977) деген монографиялык эмгектер жазылып, анын ички мазмунунда эпостун түйүндүү маселелери: поэтикалык өзгөчөлүгү менен стили, түрк элдеринин эпостору менен эпикалык карым-катышы, типологиялык байланыштары, эпостун циклдик мүнөзү тууралуу кенен ой-пикирлер камтылган. 1968-жылы В. В. Радловдун, Ч. Валихановдун, Г. Алмашинин, П. Фалевдин, Е. Поливановдун, К. Рахматуллиндин, А. Бернштамдын, П. Берковдун, С. Абрамзондун, Б. Юнусалиевдин илимий макалаларынан жаралган жыйнак “Манас” – кыргыз элинин баатырдык эпосу» деген ат менен «Илим»

басмасынан жарык көрдү. Ошондой эле Е. М. Мелетинскийдин «Баатырдык эпостордун чыгышы» (1963), С. М. Абрамзондун «Кыргыздар»... (1971) аттуу монографияларында жана «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1973) аттуу эмгекте да «Манас» эпосун талкуугa алган атайын бөлүмдөр жазылып, жарык көрдү. [4. "Манас" энциклопедиясы 1-2-том]

Илим тармагында «Манас» боюнча көптөгөн кандидаттык диссертациялар жазылып, корголду. Белгилөөчү нерсе, «Манас» эпосунун ар түрдүү кырдаалдагы маселелери изилденген менен алигиче бир пикирге келип тактала элек, болжолдуу маселелери дагы эле көп. Ал маселелерди тактап, илимий жактан изилдөө – келечектин иши.

Өзгөчө, "Манас таануу" сабагын окутууда окуучулардын жамааттык сезимдерин жогорулатуу маселесинде, ар бир окутуучу өзүнүн окуу-тарбия процессинде "Манас" эпосу менен тааныш болуп, андагы идеяларды глобалдашуунун натыйжасы аз сандагы элибизди оп тартып, жутуп коюучу татаал өкүмүнө каршы коюу менен журтубузду мамлекет катары сактап калуу проблемасын окуучуларга эскертип туруу зарыл экендиги таанылып турууга тийиш. Анткени улуу "Манас" эпосу улутубуздун руханий-маданий турмушу үчүн зор мааниге ээ болуу менен жалпы дүйнөлүк маданий-адабий казына үчүн да баа жеткис кенч болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. (2000). Манас таануу. - Б.: Эл аралык "Мээрим" фондусу, -б. 261
2. Жузупекова К."Манас" эпосу жана бүгүнкү илим Ала Тоо академиялык изилдөөлөр –б. 61]
3. Кыргызстан улуттук энциклопедиясы 5-том 2014-ж
4. «Манас» энциклопедиясы, I-II том. Б.-1995.
5. Үкүева Б.К. (2013). Манас. таануу.–Ош.
6. Сыдыков А. «Манас» эпосу жана кыргыз оозеки чыгармачылыгынын маселелери.
7. Энциклопедический феномен эпоса «Манас» (сборник статей) Б.-1995.